**Нарын мамлекеттик университетине караштуу**
**Агрардык-экономикалык колледжине 2020-2021-окуу жылына кабыл алуу жөнүндөгү**
**ЖОБО**

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы «Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүү уюмдарынын билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуу жана укуктук-ченемдик актыларды бекитүү жөнүндөгү» № 53 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдары жөнүндөгү» Жобого ылайык иштелип чыкты.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул жобо С Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык экономикалык колледжине (мындан ары – НМУ АЭК) 2020-2021-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну ишке ашырат.

1.2. С Нааматов атындагы НМУнун Нарын агрардык экономикалык колледжине Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлөрдүн кыргыз улутундагы жарандары, негизги орто жана жалпы орто билимдери бар Кыргыз Республикасында жашаган чет өлкөлүк жарандар адамдар кабыл алынат.

1.3. НМУнун АЭКинин бөлүмдөрүнө кабыл алуу конкурстук негизде ишке ашырылат. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоону кепилдикке алып, алардын айрыкча жөндөмдүүлүктөрү менен кесиптик орто билимди өздөштүрүүгө даярдыктары бар жарандарды тандоону камсыз кылат.

1.4. Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен окууга кабыл алынуучу окуучулардын саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Мамлекеттик заказы тарабынан аныкталуучу контролдук сандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленет.

1.5. НМУ АЭК Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик классификаторунун (кесиптик орто билим берүү) тизмесине ылайык тийиштүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттары болгондо гана жарандарды окутууга кабыл алууну жарыялоого укуктуу болуп эсептелет.

**2. Кабыл алууну уюштуруу**

2.1. Ушул Жобого ылайык,абитуриенттерди кабыл алуу үчүн НМУнун АЭКине кабыл алуу Комиссиясы түзүлүп, анын төрагасы болуп окуу жайдын директору шайланат. Кабыл алуу комиссиясынын ишинин ачыктыгын жана айкындуулугун төрага камсыз кылат.

2.2. НМУнун АЭКине тапшыруу жөнүндө арыз жазууда окууга кирүүчү абитуриент өзүнүн ким экендигин жана анын жарандыгын тастыктаган, о.э. билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ, медициналык маалымкат жана башка зарыл документтерди тапшырат.

Эгерде ал Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан белгиленген жеңилдиктерге талапкерлик кылса, же Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен НМУнун АЭКинде белгиленген тийиштүү адистиктери боюнча окууга кандайдыр бир чектөөлөр болуп, башка да талаптар коюлса, анда ал абитуриент башка документтерди да тапшырышы мүмкүн.

2.3. Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы төлөө) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө бөлөк катталып, эсепке алынат.

2.4. Документтерди кабыл алуу:

**- окутуунун күндүзгү формасына 2020-жылдын 1-июлунан 30 -августуна чейин;**

**- окутуунун сырттан окуу формасына 2020-жылдын 1-июнунан 10-сентябрына чейин ишке ашырылат.**

2.5. Кабыл алууну уюштуруу үчүн жана кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрүнө эмгек акы төлөө максатында арыздарды тапшырууда абитуриенттер бекитилген суммадагы акча төлөшөт. Бул акчанын суммасы КР монополияга каршы агенттигинин жергиликтүү мекемеси тарабынан макулдашылат жана кайтарылып берилбейт.

2.6. Кабыл алуунун Жобосу, ошондой эле арыздарды кабыл алууну уюштуруу боюнча Кабыл алуу комиссиясынын чечимдери, кирүү сыноолорун өткөрүүнүн жүгүртмөсү, эсепке алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз убагында билдирилиши керек.

## 3. Кирүү сыноолору

3.1. Кабыл алынуучу абитуриенттердин саны, тизмеси, формасы менен кирүү сыноолорун баалоо системасы НМУ АЭКине кабыл алуунун Жобосу тарабынан аныкталат.

3.2. НМУнун АЭКине өтүүнүн негизги чен-өлчөмү өтүүгө келгендердин билим-деңгээлдери менен жөндөмдүүлүктөрү болуп эсептелет да, аларды бышыктоо үчүн кирүү сыноолору өткөрүлөт.

3.3. Кирүү сыноолору тестирлөө же башка НМУнун АЭКине кабыл алуу Жобосу менен аныкталуучу формада 1-июлдан 30-августка чейин өткөрүлөт. НМУнун АЭКине кирүүчүлөргө кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилдерде тапшырууну тандап алууга укук берилет.

3.4. НМУнун АЭКине кабыл алуу Жобосунда: сыноолордун саны (экиден кем эмес, бирок төрттөн ашык эмес, сыноолордун бири – тил боюнча), өздөштүрүлүүчү сабактардын тизмеси менен апелляцияларды кароонун тартиби аныкталат.

3.5. Кирүү сыноолору жалпы билим берүүнүн негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү программаларына ылайык өткөрүлөт.

3.6. Кирүү сыноолоруна себепсиз келбей калгандар, канааттандыраарлык эмес баа алгандар НМУнун АЭКине кирүү конкурсунан чыгарылат.

3.7. Бирдиктүү талаптарды сактоо үчүн жана сабактар боюнча тесттик тапшырмалар (суроолор) боюнча сыноолордун талаш маселелерин чечүү үчүн НМУнун АЭКинде апелляциялык комиссия түзүлөт.

Апелляциялык комиссияга тиешелүү сабак боюнча педагогикалык кызматкерлер сунуш кылынат.

3.8. Апелляция жөнүндөгү абитуриенттердин арыздары кирүү сыноолорунун жыйынтыктарын жарыялагандан кийин бир сутканын ичинде берилет да, алар апелляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусунда каралат.

3.9. Апелляциялык комиссиянын кароосу сынакты кайра тапшыруу болуп эсептелбейт. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сыноосунун жыйынтык баасынын туура же туура эмес экендиги гана текшерилет.

3.10. Кирүү сыноосун кайра тапшырууга болбойт.

## 4. Эсепке алуу

4.1. Окууга кабыл алуу кирүү сыноолору бүткөндөн кийин:

**- окутуунун күндүзгү формасына 2020-жылдын 30-августуна чейин;**

**- окутуунун сырттан окуу формасына 2020-жылдын 10-сентябрына чейин жүргүзүлөт.**

4.2. «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, эгерде абитуриенттердин сынактан алган баллдары бирдей болуп калса, кабыл алуу учурунда жетим балдар, ата-энелеринен багуусуз жана ата-энесиз, кароосуз калган балдар, медициналык-социалдык экспертинин жыйынтык корутундусуна ылайык КООЖдо окууга мүмкүнчүлүктөрү бар I жана II топтогу майып балдар, артыкчылык (күбөлүктөр, аттестаттар, дипломдор) документтери бар абитуриенттер, запаска бошотулган жана жеңилдик алууга укугу бар аскер кызматчылары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген башка да жеңилдиктери бар абитуриенттер артыкчылык менен кабыл алынат.

4.3. НМУнун АЭКинин кабыл алуу комиссиясына кошумча жеңилдиктерди белгилеп, эл аралык, республикалык жана облустук олимпиадалар менен мелдештерде байгелүү орундарга ээ болгон жаштарды сыноосуз кабыл алууга укук берилет.

4.4. Мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндөгү документтин түп нускасы боюнча НМУнун АЭКине кабыл алынат.

4.5. НМУнун АЭКинин кабыл алуу комиссиясы абитуриенттерди кабыл алуу аяктагандан кийин КР Билим берүү жана илим министрлигинин Кесиптик билим берүү башкармалыгына 2020-жылдын 1-октябрынан кечиктирбей, студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.